| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК КӨЛ РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН** |
| **АНАНЬЕВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АНАНЬЕВСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Ананьев Айылдык Кеңешинин 28 чакырылышынын 10 кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ**

22.09.2022ж. № 28/10-1 Ананьев а.

**Ананьево айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынан жана шаарлардан делегаттарды шайлоо боюнча аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА ылайык маселени карап, талкуулап чыгып Ананьев айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ананьев айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрына саат 11-00 гө чакырылсын
2. Ананьев айыл аймагынан жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 100делегаттан турары белгиленсин
3. Ананьев айыл аймагынан жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 11 адамдан бекитилсин (№1-тиркеме)
4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 15-октябрдан 20-октябрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн (№2-тиркеме)
5. Ананьев айыл аймагында жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча тургундардын жыйындарын өткөрүү 2022-жылдын 15-октябрынан 20-октябрына чейин белгиленсин (№3 тиркемеге ылайык).

6.Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултайды өткөрүү 2022-жылдын 5-ноябры деп белгиленсин ( № 4 тиркемеге ылайык).

7.Ар бир айылдан шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттарына, айыл башчыларга, жана жумушчу топко Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүү, уюштуруу жагы милдеттендирилсин.

8.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Ананьев айылдык кеңештин 03.07.2015-жылдын №7-токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

10. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Ананьев айылдык Кенешинин Депутаттык “Укук бузуу менен күрөшүү, мыйзамды сактоо, коомдук бирикмелер менен иш алып баруу ”туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага Мамагулов С.К.

*Жиберилди: иш кагаздарына-1, айыл Өкмөтү-1, Мин юст баш-2, комиссия курам-1.*